КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ӨКМӨТҮНӨ КАРАШТУУ
ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА
БАШКАРУУ ИШТЕРИ ЖАНА ЭТНОСТОР
АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕР БОЮНЧА
МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИГИ

ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО
ПО ДЕЛАМ МЕСТНОГО
САМОУПРАВЛЕНИЯ
И МЕЖЭТНИЧЕСКИХ ОТНОШЕНИЙ
ПРИ ПРАВИТЕЛЬСТВЕ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК

05 09 2019-ж. № 01-18/84 Бишкек шаары

## “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жергиликтүү демилгелерди тандоонун жана каржылоонун тартиби жөнүндө” жана “Жарандарды жана алардын бирикмелерин тартуу менен жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин биргелешкен мониторингин жана баалоону жүргүзүү жөнүндө” Типтүү жоболорду бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 31-октябрындагы № 513 токтому менен бекитилген Жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнүн 2018-2023-жылдарга карата Программасынын иш-аракеттер планын аткаруу максатында, **буйрук кылам:**

1. **Төмөнкүлөр бекитилсин:**

- “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жергиликтүү демилгелерди тандоонун жана каржылоонун тартиби жөнүндө” Типтүү жобо, 1-тиркемеге ылайык;

- “Жарандарды жана алардын бирикмелерин тартуу менен жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин биргелешкен мониторингин жана баалоону жүргүзүү жөнүндө” Типтүү жобо, 2-тиркемеге ылайык.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына ушул Типтүү жоболор менен колдонуусу, Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жергиликтүү демилгелерди тандоонун жана каржылоонун тартиби жана Жарандарды жана алардын бирикмелерин тартуу менен жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин биргелешкен мониторингин жана баалоону жүргүзүү жөнүндө Жоболорду иштеп чыгып, жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитүүсү сунушталсын.

3. Агенттиктин облустардагы өкүлдөрү жарым жылдыктын жыйынтыктары

боюнча отчеттук мезгилден кийинки айдын 5-числосунан кечиктирбестен Типтүү жоболордун аткаруусунун жүрүшү жөнүндө маалыматты берип турушсун.

4. Жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү башкармалыгы (А.С. Шамеев) 2019-жылдын аягына чейинки мөөнөттө ар бир облустарда тандалган пилоттук жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында аталган Типтүү жоболорду жайылтуу максатында иш жүргүзсүн.

5. Административдик жана кадр бөлүмү (Б.С. Казиева) ушул буйрук расмий жарыялангандан тартып бир жумалык мөөнөттө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жеткирүүнү камсыздасын.

6. Пресс-катчы (З.Ы. Ыманкалиев) ушул буйрук катталган күндөн тартып үч иш күндүн ичинде Агенттиктин расмий веб-сайтында жарыяласын.

7. Ушул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө жагы директордун орун басары М.К. Байдылдаевге жүктөлсүн.

**Директор** **Б.У. Салиев**